# ЭНЕ ҮЧҮН ЭМЧЕК ЭМИЗҮҮНҮН МААНИСИ

## БАЛА ТӨРӨЛГӨНДӨН КИЙИН ЭМИЗҮҮНҮН ЭРТЕ БАШТАЛЫШЫ:

- √ төрөттөн кийин күч-кубаттын калыбына келишине көмөктөшөт
- √ жатындын жыйрылышын тездетип, кансыроо коркунучун азайтуу менен энелердин өлүмүн кыскартат
- √ кан кетүүнү азайтып, төрөгөндөн кийин аз кандуулуктун өнүгүүсүнө тоскоол болуу менен эненин организминдеги темирдин запастарын сактоого мүмкүнчүлүк түзөт
- √ эмчек эмизүү күтүлбөгөн кош бойлуулукту алдын алуу ыкмаларынын бири болуп саналат, мунун жыйынтыгында кийинки кош бойлуулуктун ортосундагы аралык узарат

## ЭМЧЕК ЭМИЗҮҮ ЭНЕНИН САЛАМАТТЫГЫН ЖАКШЫРТАТ:

- √ төрөттөн кийин салмакты жоготууну жана эненин кош бойлуулукка чейинки дене салмагына кайтып келүүсүн тездетет
- √ эмчек жана жумурткалыктардын рагынын пайда болуу коркунучун азайтат
- √ сөөктөрдүн минералдашуусун жакшыртуу менен климакстан кийинки сөөк сыныктарынын кооптуулугун төмөндөтөт

## ЭМЧЕК ЭМИЗҮҮ ЭНЕ МЕНЕН БАЛАНЫН ЭМОЦИОНАЛДЫК СТАТУСУН ЖАКШЫРТАТ:

- √ жылуулук, жакындык жана коопсуздук сезимин берүү менен баланын дене бой жана эмоционалдык жактан өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт
- √ эне менен баланын ортосундагы мамиленин көп жылдарга чейин калыптануусуна шарт түзөт
- √ энелер өздөрүн бактылуу, ишенимдүү сезишет
- √ балдарын эмизген энелер балдарынан сейрек баш тартышат жана аларга зордук-зомбулук көрсөтүшпөйт

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

SPRING Дүйнөлүк деңгээлде тамак-аш тармагындагы өнөктөштүктү, натыйжалуулукту жана инновацияны чыңдоо долбоору